**Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары” деген темадагы 10.01.01. – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясына расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

Диссертациялык иш кыргыз адабиятындагы актуалдуу темалардын бирине арналган. Анткени, бул тема тууралуу дүйнөлүк адабияттын алкагында толуккандуу аткарылган иштер болгону менен кыргыз адабиятына келгенде айрым окумуштуу-илимпоздордун чакан эмгектерин эске албаганда, системалуу түрдө аткарылган иштер дээрлик кездешпейт. Демек, кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын табиятын, өнүгүү тенденцияларын ырааттуу, системалуу түрдө тереңден анализдөө **илимий иштин актуалдуулугун** ырастап турат.

Диссертация киришүүдөн, үч бап, алты параграфтан, корутунду, практикалык сунуштар жана колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, иштеги жалпы жыйынтыктар менен сунуштарды системалуу кароого жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Иштин көлөмү 177 бет.

Киришүүдө ишке жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максат-милдеттери, жаңычылдыгы, методологиясы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана диссертациялык иштин апробацияланышы берилген.

1-бап “**Эпистолярдык форманын илимий-теориялык негиздери**” деп аталган. Мында эпистолярдык форманын изилдениши, калыптанышы, анын жанр катары өнүгүүдөгү өзгөчөлүктөрү каралган.

Биринчи баптын биринчи параграфы “**Маселенин изилдениш тарыхы**” деген аталыш менен анализге алынып, мында эпистолярдык форманын изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектер анализге алынган. Анда антика



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 42/04-8
«16» 09 2024 г.

дооруна мүнөздүү болгон б.з.ч. “Каттардын типтери” жана “Муун тууралуу” деген эмгектер, Орто кылымдагы эпистолярдык форманын өнүгүшүндө эки тенденция (чиркөө башчыларынын диний каттары, сенитенталдык адабияттын жанданышы) баса белгиленген. Кайра жаралуу дооруна мүнөздүү болгон эпистолярдык тенденциялар эки жагдай-шарт аркылуу көзгө урунуп, XVII–XVIII кылымдардагы интеллектуалдык баарлашуунун ыкмасы катары жана каттын стилдери боюнча атайын эмгектердин жарык көрүшү (Н.Г.Курганов “Писмовник”, “Сборник советов и наставлений”, “Жизнь в свете, дома и при дворе”) менен коштолгон. Аталган эмгектерде каттардын жанрдык табияты бир системага келтирилип, анын жеке өзүнө гана таандык белгилери иштелип чыккан. Күндөлүк турмушта колдонулган каттардын алкагын кеңейтүү аракеттери көрүлүп, кат аркылуу философиялык, публицистикалык жана дидактикалык жана адабий тексттерди жазууга мүмкүндүк түзүлгөн.

Биринчи баптын экинчи параграфы “**Эпистолярдык форманын генезиси, классификациясы, жанрдык табияты**” деген аталыш менен талдоого алынып, мында эпистолярдык форманын келип чыгышы, негизинен, адам баласынын маалымат берүү аракети менен коштолуп, алгачкы кат жазууга умтулган адам баласынын алгачкы аракеттери, дүйнө түшүнүктөрү, аңчылыгы, турмуш-тиричилиги, жоокерчилиги аскага, ташка, чопого, жыгачка, бамбукка, папируска чегилген сүрөттөрдө, эпитафияларда сакталып калгандыгы баса белгиленди. Тарыхта пиктография деген аталышка ээ болгон таштагы жазуулардын, орто кылымга таандык болгон Орхон-Енисей жазуулары мисал катары тартылды. Ал эми кыргыз адабиятындагы аталган форманын генезиси элдик оозеки чыгармачылыкта, орток-түрк адабиятында, Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде жана жазгыч акындар чыгармачылыгында жаткандыгы конкреттүү мисалдар менен берүү аракети көрүлгөн.

Иштин 2-бабы “**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары**” деген аталыш менен эки параграфка бөлүнүп, талдоого алынган. Биринчи параграфы “**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма – изилдөөнүн объектиси**” деген аталыш менен анализге алынып, мында кат формасы колдонулган көркөм туундулар, алардын аткарган функциялары, максат-милдеттери – илимий иштин изилдөө объектиси катары көрсөтүлөт. Ал эми изилдөөнүн предмети – эпистолярдык форманын адабий каттар тобуна кирүүчү калемгерлердин жеке каттары жана калемгерлердин көркөм фантазиясынан улам пайда болгон каттарды анализдөө менен тыгыз байланыштуу экендиги белгиленет.

Чынында, улуттук адабияттагы аталган форманын башаты элдик оозеки чыгармачылыкта (“Манас” эпосунда, элдик дастандарда), Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде, Орток-түрк адабий мурастарында (Ж.Баласагындын “Кут алчу билиминде”) жана жазгыч акындар чыгармачылыгында жаткандыгы ишенимдүү маалыматтар менен бекемделет.

Экинчи баптын экинчи параграфы “**Жеке адабий каттардын спецификасы**” деген аталыш менен анализге алынып, мында эпистолярдык форманын эки маанидеги чечмелениши: биринчиси – “адабий каттар” маанисинде калемгерлердин бири-бирине жазышкан жеке каттары, экинчиси – кат формасында жазылган адабий-көркөм туундулар маанисинде колдонулары айтылат. Эгерде, “адабий каттар” маанисинде автобиографиялык фактылардын жан дүйнөнү иликтөөдөгү ролу негизги орунга чыкса, кат түрүндө жазылган адабий туундулар көркөм чыгармачылыкта каармандардын жан дүйнөсүн чагылдыруунун эң ишенимдүү ыкмасы катары колдонулары баса белгиленет.

Илимий иштин 3-бабы “**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын көркөм функциялары**” деп аталган үчүнчү бап да эки бөлүмдөн турат. “**Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык форма**” деп аталган биринчи параграфында 1920-30-жылдардагы адабияттын

алгачкы өнүгүү жолунда эпистолярдык форма проза, поэзия жанрларында ийгиликтүү колдонулгандыгы С.Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” повестинин негизинде ачылып берилген. Ошентсе да, социалдык-саясий кырдаалга жараша, эпистолярдык форманы колдонуунун эң эле актуалдуу учуру – Улуу Ата Мекендик согуштун учуруна дал келгендиги А.Токомбаевдин “Сүйгөнүмө кат”, Ж.Жамгырчиевдин “Солдаттын саламы”, “Сен эсимде”, “Ала-Тоого кат”, Т.Үмөталиевдин “Фронттон кат”, Р.Шүкүрбековдун “Фронттогу агаларыма”, М.Элебаевдин “Ала-Тоого кат”, К.Эсенкожоевдин “Алыстан кат”, Жусуп Турусбековдун “Кат”, өңдүү чыгармаларын талдоонун негизинде ишке ашырууга аркет жасалган.

Эпистолярдык форма кыргыз адабиятынын проза жанрында сюжетти өнүктүрүүдө, композициялык курамда, образдарды ачып берүүдө, тереңдетүүдө кеңири колдонулары айтылат. Ал С.Карачевдин “Эрксиз күндөрдө”, Т.Сыдыкбековдун “Биздин замандын кишилери”, К.Баялиновдун “Көл боюнда”, К.Жантөшевдин “Эки жаш”, Чыңгыз Айтматовдун “Жамийла”, “Саманчынын жолу”, “Биринчи мугалим”, “Кассандра тамгасы”, К.Ашымбаевдин “Бой тумар” чыгармаларынын мисалында анализге алынды. Натыйжада, бул чыгармалардын мазмунунда “Арыз каттары”, “Арман каттары”, “Сүйүү каттары”, “Коштошуу каттары”, “Эскерүү каттары”, “Суроолуу каттар”, “Жооп каттар”, “Өтүнүч каттар”, “Сураныч каттар”, “Ыраазылык каттар”, “Жектөө каттар”, “Түшүндүрүү каттар”, “Акарат каттар”, “Айып каттар”, “Өкүм каттар”, “Жарлык каттар”, “Жансерек каттар” жана башка түрлөрүнүн колдонулгандыгы аныкталган.

Үчүнчү баптын экинчи параграфы “**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын көркөм функциялары**” деген аталыш менен талдоого алынган. Мында эпистолярдык форманын функциялары “Өзөктүү функциялар” жана “Кошумча функциялар” деп эки маанилүү топко бөлүнөрү, өзөктүү функциялардын ичинен маанилүү орунда коммуникативдүү функция

турары белгиленет. Анткени, кат өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн дал ушул кызматка топтойт.

Диссертант жетиштүү факт-материалдарга, ушул багыттагы илимий-теориялык эмгектерге таянуу менен такталган ынанымдуу жыйынтыктарды чыгарып, конкреттүү илимий жоболорду сунуштай алган. Диссертацияда сунушталган илимий концепциялар кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын табиятын тереңден үйрөнүүгө, түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Диссертацияда алынган илимий жыйынтыктар мындан аркы илимий изилдөөлөргө теориялык таяныч болуп берерин белгилеп келип, практикалык маанилүүлүгү катары төмөнкүдөй багыттарды сунуштаган:

- Изилдөөдө алынган негизги жыйынтыктар жогорку окуу жайларында, адистик курстарда, орто мектептерде адабият сабагы боюнча илимий окууларды уюштурууда колдонулат;

- Курстук, дипломдук жана квалификациялык иштерди аткарууда материал болуп бере алат;

-Филология багытындагы студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну толук чагылдырылган. Жарыяланган илимий макалалардын саны сегиз. Диссертациянын негизги жоболору ушул макалаларда чагылдырылган. Демек, ЖАКтын талаптарына толук жооп берет. Диссертациялык иш, анын авторефераты илимий стилде, илимий этиканы сактоо менен сабаттуу жазылган.

Жыйынтыктап айтканда:

- Диссертант кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү жолдорун тереңден изилдегени байкалып турат;
- Аталган форманын генезисин, өнүгүүдөгү өзгөчөлүктөрүн, эволюциясын ар тараптуу булактардан алып караганы туура;

- Ар бир баптан кийин жалпы корутундуларды берет. Мындай тыянактар өз алдынчалыкка ээ жана жаңы мүнөздө экендигин белгилесек болот.
- Изилдөөдө ар кыл методдорду колдонуу менен эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын туура баамдаганы байкалат. Натыйжада, диссертанттын жыйынтыктары кыргыз адабиятынын жанрлар системасындагы эпистолярдык форманын ордун аныктоого негиз болуп берет.

Диссертациялык изилдөөдө иштин жалпы сапатына анча таасирин тийгизе албаган айрым кемчиликтер байкалат.

1. Биринчи баптын биринчи жана экинчи бөлүмдөрүндө орус жана чет элдик адабияттарга мүнөздүү болгон илимий-теориялык материалдар кеңири колдонулган. Бул жагдай кыргыз адабиятында аталган формага байланыштуу толук кандуу изилдөөлөрдүн дээрлик жоктугунан улам жаралгандай.

2. Экинчи баптын экинчи бөлүмүндө адабий каттардын спецификасы талдоого алынган. Бул бөлүмгө кыргыз жазуучуларынын архивде сакталып жаткан, буга чейин жарык көрбөгөн каттарынан дагы кошсо иштин мазмуну мындан да жакшы болмок. Тилекке каршы, иштин көлөмү мына ушул багыттагы иштерди аткарууга жол бербеген сыяктанат.

3. Диссертант дүйнөлүк адабияттагы каттардын классификациясын келтирет, кыргыз адабиятындагы каттардын түрлөрүн талдоого алат, бирок, өзүнүн бирдиктүү классификациясын сунуштаган эмес.

Жогоруда кемчилик катары саналган айрым ойлор иштин илимий мазмунуна терс таасирин тийгизбегендиктен диссертация — кыргыз адабияттануу илиминде учур талабына ылайык аткарылган олуттуу эмгек.

Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары” деген темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү жобосуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат жана изилдөөнүн

автору 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент, филология илимдеринин**

**доктору, профессор** Искендерова С.

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМ
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«17» 09 2024 ж.